Аблес уулу Алайдар атындагы орто мектебинин 2022\2023- окуу жылына карата 1- класска киргеп окуучулардын мектеп чөйрөсүнө толук ыңгайлашуу жөндөмдүүлүктөрү (адаптация) жөнүндөгү маалымдамасы.

2022-жылдын август айынын башында электрондук каттоо менен Аблес уулу Алайдар атындагы орто мектебинин 1-классына 24 окуучу кабыл алынды.Алардын 14ү кыз бала болсо, 10у эркек бала.Мектепке киргенден баштап окуучуларга " Жолдо жүрүүнүн эрежеси", "Техникалык коопсуздук эрежелери" боюнча сабактар өтүлүп жана көчөдө,мектепте,класста өздөрүн алып жүрүү эрежелери боюнча түшүндүрүү иштери ата- энелер менен бирдикте жүргүзүлдү.
Мектепке келүүсүнө жана сабак учурунда окуучуларга ыңгайсыздык жаралбас үчүн мектепте бардык шарттар түзүлгөн. Класс ичи кенен, жылуу,жарык жана санитардык нормаларга толук жооп берет. Сабак учурунда окуучулар чечинип отурушат. Кийимдерин залдагы окуучулар үчүн ыңгайлаштырылган кийим илгичтерге илишет. Класс ичи окуу жана техникалык каражаттар менен жабдылган.
Окуу процессинде окуучулардын психологиясына терс таасирин тийгизбеш үчүн бардык окуучулар китеп менен 100 пайыз камсыз болушту.
Ашканада санитардык нормалар так сакталып, окуучулар пайдалуу тамактар менен азыктанышат.
Окуучулардын ден соолуктарына, өнүгүүсүнө жана алардын коопсуздугуна ата-энелер менен бирдикте мугалимдер көз салып турабыз.Мектеп жана спорт аянтчалары коопсуздук талаптарына жооп берет.
Балдардын дене бойлорунун өсүүлөрү нормада, ден соолуктары чың жана ооруганына даттанышпайт.
Танапис учурунда чогуу ойношот, бардыгы ынтымактуу мамиледе.

Окуучулардын кобу даярдоо класстарынан келишкендиктен мектеп чөйрөсүнө ыңгайлануу жөндөмдүүлүктөрү тез эле ишке ашырылды.
Сабакка себепсиз келгиси келбей же сабакта көңүлсүз отурган окуучу байкалган жок.
Демек, окуучулардын мектеп чөйрөсүнө ыңгайлануу жондомдуулуктору (адаптация) толук калыптанды деп белгилейм.

Класс жетекчиси: __________ В.Коноева